А.Т. Карымшакова
БГУ

КЫРГЫЗ ТИЛИНДЕГИ МОДАЛДЫК СӨЗДӨРДҮН ТАБИЯТЫ ЖАГДАЙЫНДА

Кыргыз тилиндеги модалдык сөздөр ЖОЖдор үчүн жарык көргөн илимий басылмаларда бирде кызматчы сөз түркүмдөрүнүн (жандооч, байламта, бөлүкчөлөрдүн) тутумунда каралып келсе, бирде алардан бөлүнүп өз алдынчалыгы бар сөздөрдүн түрү (түркүмү) катары берилип келатканын көрүүгө болот. Сөзүбүз куру болбош үчүн фактыга кайрылалы. Төмөнкү эмгектерде модалдык сөздөр кызматчы сөз түркүмдөрүнүн бири катары жандооч, байламта, бөлүкчөлөр менен бир катарда чогуу каралары айтылат. Караңыз: “Кыргыз адабий тилинин грамматикасы” (-Ф.: Илим, 1980, 476-б.); Абдувалиев И., Садыков Т. “Азыркы кыргыз тили”. Морфология. (-Б., 1997, 276-б.); Абдувалиев И. “Кыргыз тили”. Морфология боюнча лекциялар курсу (-Б., 2003, 185-б.); “Азыркы кыргыз адабий тили” (-Б., 2009, 475-б.). Справочниктерде: Дыйканов К. “Кыргыз тили таблица түрүндө” (Алматы, 1989, 294-296-б.); Дыйканов К. “Кыргыз тилинин көрсөтмө куралдары” (Алматы, 1990, 296-3000-б.); Үсөналиев С. “Кыргыз тилинин справочниги” (-Б., 2010, 92-б.). Ал эми төмөнкү эмгектерде кызматчы сөз түркүмдөрү үчкө бөлүнөрү белгиленип, аларга жандооч, байламта, бөлүкчөлөр кирери айтылат. Модалдык сөздөр алардан бөлүнүп сыпатталат. Фактыга кайрылалы: Давлетов С., Кудайбергенов С. “Азыркы кыргыз тили”. Морфологияда (-Ф.:Мектеп, 1980) кызматчы сөз түркүмдөрүнө жогорку үчөө гана кирери 214-бетте даана жазылган, модалдык сөздөр китептин 227-228-беттеринен өзүнчө орун алган; “Кыргыз тили”. (Пед.институттар үчүн) (-Ф.: Мектеп, 1986) аттуу эмгекте кызматчы сөз түркүмдөрү катары жогорку үчөө 215-224-беттерде берилсе, модалдык сөздөр сырдык сөздөрдөн соң, китептин 227-228-беттеринен орун алган; “Кыргыз тили”. Энциклопедиялык окуу куралында (-Б., 2004): “Кыргыз тилинде кызматчы сөздөр байламталар, жандоочтор, бөлүкчөлдөр болуп үч түргө бөлүнөт”, -деп бадырайып жазылган (228-б.). Модалдык сөздөр болсо бул эмгектин 259-бетинде берилет. Модалдык сөздөрдүн илимий эмгектерде (ЖОЖдор үчүн жазылган грамматикаларда, справочниктерде, энциклопедияларда) бирде жандооч, байламта, бөлүкчөлөр менен чогуу каралып, бирде алардан өзүнчө бөлүнүп берилип келиши түркологиялык айрым эмгектерде кыйла мурун кызматчы сөз түркүмдөрүнө төртөө (байламталар, бөлүкчөлөр, жандоочтор, модалдык сөздөр) киргизилип, кийинчерээк алар илимде атайын изилдөөлөрдүн (кандидаттык, докторлук диссертациялар жазылуунун) натыйжасында үчкө бөлүнөрү такталганы себеп болгонун баамдоого болот.

Модалдык сөздөр өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары каралышы керектигин илимий аргументтер менен кызматчы сөз түркүмдөрү боюнча түздөн-түз алектенген түрколог окумуштуулар А.М.Щербак, Ф.Р.Зейналов, К.К.Молгаждаровдор билдиришет. Маселен, А.М.Щербак түрк тилдерин салыштырма планда изилдөөгө алып жатып: “Модальные слова выражают субьективную модальность и располагаются между самостоятельными и служебными частями речи, обнаруживая существенные признаки и тех и других”,-деп билдирсе (Щербак, 1987, с. 43), Ю.С.Маслов орус тил илиминин материалдарын анализге алуунун негизинде: “Отдельную группу, промежуточную между знаменательными и служебными словами, составляют оценочные или модальные слова”,- деп баса көрсөтөт (Маслов, 2006, с.172). Мындай көз караштар акыркы илимий эмгектерде арбын кезигет. Ошондуктан кыргыз тил илиминде биз да ушул

page

көз карашты негизге алып, мындан кийин жарык көрчү илимий эмгектерде модалдык сөздөрдү жандооч, байламта, бөлүкчөлөрдөн бөлүп өз алдынча карoону адатка айландырсак, илимий талапка туура жооп берген болот эле деген ойдобуз. Ошентип, модалдык сөздөргө тиешелүү негизги деп эсептелген маселелердин биринин башын ачып алган соң, аларга (модалдык сөздөргө) мүнөздүү болгон калган маселелер тууралуу катары менен сөз кылмакчыбыз.

Модалдык сөздөр деп сүйлөмдөгү же сүйлөөчүнүн кебиндеги ойдун чындыкка карата болгон ар түрдүү кырдаалдарын: ырастоо, кубаттоо, жактыруу, бекемдөө, чечмелөө, түшүндүрүү, болжолдоо маанилерин берген сөздөрдү айтабыз (Н.Шаршеев). Тактап айтканда, модалдык сөздөр - тигил же бул кыймыл-аракетти иш жүзүнө (чындыкка) ашырууга болгон мүмкүнчүлүктү, зарылдыкты көрсөтүү менен сүйлөөчүнүн айтылган оюнун субъективдүү жана обьективдүү мамилелерин билдирген сөздөрдүн тобу.

Модалдык сөздөр тарыхый жагынан маани берүүчү негизги сөздөрдөн чыккан, грамматикалашуунун негизинде акырындап алгачкы конкреттүү лексикалык маанисинен алыстап, абстракттуу мааниге ээ болуп, өзүнчө жаңы функциядагы сөздөрдүн тобун түзүп калган.

Модаль сөзү латындын modus – жол, ык, ченем, өлчөм деген сөзүнөн алынган. Аларга төмөнкүлөр кирет: балким, мүмкүн, болжолу, чамасы, сыягы, кыязы, ыктымал, чагымда, сыяктуу, шекилдүү, албетте, арийне, сөзсүз, шексиз, ырас, тийиш, керек, көрүнөт, окшойт, өңдөнөт, чыгар, кана, бар, жок ж.б.

Модалдык сөздөрдү өз алдынча сөз түркүмү катары түркологияда биринчилерден болуп изилдөөгө алган окумуштуу Н.К.Дмитриев болгон. Ал модалдык сөздөрдү маани берүүчү сөздөр менен бөлүкчөлөрдүн ортосундагы өткөөл категория катары караган. Ал эми В.В.Виноградов болсо алгачкылардан болуп модалдык сөздөрдү өзүнчө сөз түркүмү катары кызматчы сөздөрдөн (жандооч, байламта, бөлүкчөлөрдөн) бөлүп карoo керектигин айтып чыккан. Себеби ал модалдык сөздөр тышкы турпаты боюнча негизги сөз түркүмдөрүнө да, кызматчы сөз түркүмдөрүнө да кандайдыр бир деңгээлде окшоштугу, жакындыгы болгону менен, алардын эч бирине кирбеген сөздөрдүн тобу дейт. Ушул көз карашты кыргыз окумуштуулары ак. Б.М.Юнусалиев м-н И.А.Батманов да колдошот. Ошондуктан алар модалдык сөздөр өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары илимий жана мектеп грамматикаларында кызматчы сөздөрдөн бөлүнүп каралышы зарыл экенин өзүлөрүнүн эмгектеринде айтып келишкен.

Модалдык сөздөрдү түркологияда атайын илимий иликтөөгө алган окумуштуулар Е.Н.Жанпеисов (каз.т. б-ча 1958), Н.Шаршеев (кырг.т. б-ча 1969), Р.А.Камильджанова (өзб.т. б-ча 1975), М.В.Зайнуллин (башк.т. боюнча 1975), Н.Е.Петров (як.т. б-ча 1984), А.М.Щербак, К.К.Молгаждаров (түрк т. сал.-тар.планда 1987, 2010) ж.б. болгон. Алар модалдык сөздөрдү лексикалык составы боюнча, семантикалык мааниси боюнча, ошондой эле сүйлөмдө аткарган функциясы боюнча бир да сөз түркүмүнө окшобогон өзүнчө сөздөрдүн тобу – сөз түркүмү экенин аныкташкан. Ошондой болсо да модалдык сөздөр кыргыз тилинин грамматикаларында бирде кызматчы сөз түркүмдөрүнүн ичинде (жандооч, байламта, бөлүкчөлөр менен бирдикте) берилип келсе, бирде алар кызматчы сөз түркүмдөрүнөн бөлүнүп, өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары берилип келет. Тилекке каршы айрым гана грамматикаларда (Давлетов С., Кудайбергенов С. Азыркы кыргыз тили. Морфология (-Ф.: Мектеп,1980); Кыргыз тили Пед.инстит. үчүн (-Ф.: Мектеп, 1986) модалдык сөздөр өзүнчө сөз түркүмү катары бөлүнүп берилип келет.

Бирок модалдык сөздөрдү өз алдынча лексика-грамматикалык категория катары эсептөөгө жана негизги сөз түркүмүнө да, кызматчы сөз түркүмүнө да кошпой өзүнчө карооо төмөнкүдөй мүнөздүү белгилери негиз болуп келет:

Семантикалык жактан сүйлөөчү тарабынан айтылган ойдун мазмунунун чындыкка карата болгон ар түрдүү мамилесин билдирет.

Морфологиялык жактан модалдык сөздөрдүн басымдуу бөлүгү сөз өзгөртүүчү да, сөз жасоочу да мүчөлөр боюнча өзгөрбөйт, башкача айтканда, модалдык сөздөрдүн көпчүлүгү парадигма боюнча өзгөрбөйт, морфемаларга ажырабайт. Бирок айрым модалдык сөз маанисинде келген төмөнкү сөздөр модалдык маанини туюндуруп турганда да мүчөлөп өзгөрүүгө жөндөмдүү. Анын себебин алар өздөрүнүн баштапкы лексикалык маанисинен (чыккан этимонунан) көп алыстай электиги менен түшүндүрүүгө болот. Мындай сөздөргө окшойт, өңдөнөт, көрүнөт, сыяктуу, шекилдүү, чыгар модалдык сөздөрү кирет. Маселен: айткан окшойсуң, келген өңдөнөсүз, барган көрүнөсүздөр, уккан сыяктуумун, билген шекилдүүсүңөр, көргөн чыгармын.

Синтаксистик жактан киринди сөздүк милдет, диалогдук кепте сөз-сүйлөмдүк милдет аткарат. Ошондой эле татаал баяндоочтун тутумунда келип колдонулат, кээде жөнөкөй баяндоочтун милдетинде келет. Мис.: Сиз, **арийне**, жакшы адамсыз. **Ырас**, сен быйыл катуу эмгектендиң. **Арийне**, **ырас** – киринди сөздөр. - Эртең тоого чыгарыбыз бышыкпы? – **Албетте**. Бирок күн жаайбы дейм. – **Мүмкүн**. **Албетте**, **мүмкүн** сөздөрү сөз-сүйлөмдүк милдет аткарды. Иш сапардан күүгүм талаш **келген шекилдүү**. Сөздү да орду менен **сүйлөө керек**. **Шекилдүү**, **керек** модалдык сөздөрү татаал баяндоочту уюштурууга катышты. Көп пенденин акылы - **бар**, бирок эси - **жок** деп айтылат го. **Бар**, **жок** сөздөрү түрколог окумуштуулар тарабынан модалдык сөз деп таанылат (А.М.Щербак). Бул (бар, жок) модалдык сөздөр сүйлөмдө жөнөкөй баяндоочтун милдетинде келди.

Модалдык сөздөр өзүнө тиешелүү мүнөздүү белгилеринен тышкары төмөнкүдөй өзгөчөлүктөргө да ээ: Модалдык сөздөр сүйлөм ичинде берген маанисине карай нагыз (чыныгы) модалдык сөздөр жана функционалдык модалдык сөздөр деп бөлүнөт. Нагыз (чыныгы) модалдык сөздөр - сүйлөм контекстинде модалдык сөз катары гана кызмат кылган сөздөрдүн тобу. Аларга: албетте, арийне, балким,мүмкүн, айтор, мейли, кана ж.б. кирет. Функционалдык модалдык сөздөр сүйлөмдүн бир контекстинде модалдык сөз катары келсе, сүйлөмдүн экинчи бир контекстинде өзүнүн баштапкы лексикалык маанисинде колдонулат: Ак карлуу тоолор улам жакындаган сайын ажайып кооз **көрүнөт**. Зоолорунда кайберендер жүргөн **көрүнөт**. Биздин топтон да мыктылар **чыгар**. Мекенчил болсо эл-жерине келген **чыгар**. **Көрүнөт**, **чыгар** сөздөрү алгачкы сүйлөмдөрдө этиштик мааниде келсе, кийинки сүйлөмдөрдө модалдык сөз маанисинде келди.

Сүйлөмдө алган позициясы (орду) боюнча модалдык сөздөрдүн айрымдары (албетте, арийне, мүмкүн, ырас, балким, чамасы ж.б.) эркин болот. Сал.: **Чама-**

page

сы, жамгыр жаайт. Жамгыр, **чамасы**, жаайт. Жамгыр жаайт, **чамасы** ж.б.

Якут окумуштуусу Л.Н.Харитонов жана кызыл профессор К.Тыныстанов модалдык сөздөрдү, кызматчы сөз түркүмдөрү менен бирдикте, өзгөрүлбөс, туруктуу сөздөрдүн катарына киргизишкен. Бирок модалдык сөздөр жандооч, байламта, бөлүкчөлөрдөн айырмаланып этимологиялык жактан негизги жана көмөкчү морфемаларга (уңгу, мүчөлөргө) оңой ажырайт. Себеби модалдык сөздөр өз алдынча сөз түркүмү болуп кийинчерээк эле атооч сөз түркүмдөрүнөн, этиш жана тактоочтордон пайда болгон.

Модалдык сөздөр түзүлүшүнө карай жөнөкөй жана татаал болот. Жөнөкөйлөрү бир уңгудан туруп, тубаса жана туунду болуп бөлүнөт. Тубаса модалдык сөздөргө: ырас, мүмкүн, балким, албетте, арийне ж.б. кирет. Туунду модалдык сөздөргө: сөзсүз (сөз+сүз), шексиз (шек+сиз), шекилдүү (шекил+дүү), чамасы (чама+сы), болжолу (болжол+у), көрүнөт (көр+үн+ө+т), окшойт (окшо+й+т) ж.б. кирет. Татаал модалдык сөздөр эки сөздөн туруп, бир лексикалык маанини билдирет: бактыга жараша, кыскасын айтканда, менин оюмча ж.б.

Модалдык сөздөр синонимдик да, антонимдик да, омонимдик да катышта келе алат. Синонимдик катышта келиши: албетте, арийне, сөзсүз, шексиз (кубаттоо мааниси); балким, мүмкүн, кыязы, чамасы (болжолдоо мааниси). Антонимдик катышта келиши: тилекке жараша – тилекке каршы, бактыга жараша – бактыга каршы, таалайга жараша – таалайга каршы ж.б. Омонимдик катышта келиши: Кырга чыга калганда боз үйлөр дапдаана **көрүнөт**. Балдар окууга эрте келген **көрүнөт**. Туурасын айтканга **чамасы** жетпейт. **Чамасы**, жамгыр көпкө жаачыдай сезилет. Бул учурда модалдык сөздөр өзүнүн этимону менен омонимдик катышты түзүп калат.

Модалдык сөздөр кыргыз тилинин грамматикаларында маанилик жактан эки чоң топко бөлүнүп берилип жүрөт. 1. Айтылуучу ойго бекемдөө, чындоо, ырастоо маанисин берүүчүлөр: албетте, арийне, чындыгында, ырас, сөзсүз, шексиз. Маселен: **Албетте**, мындай маалыматтар бизге аба менен суудай керек (“Жаңы Агым”). **Чындыгында**, быйылкы жыл бардык жагынан түшүмдүү болду (“Супер Инфо”). Биздин тилегибиз **сөзсүз** орундалат (Т.Сыд.). **Ырас**, сенин минтип айтканыңдын жөнү бар (Т.Сыд.) Жакшы жашоого да, **арийне**, ар бир инсан өзү да аракет кылуу керек го (“Жаңы Агым”) ж.б. 2. Айтылуучу ойго күмөндүүлүк, болжолдоо маанисин берүүчүлөр: балким, чамасы, болжолу, сыягы, кыязы, чагымда, мүмкүн, ыктымал, керек, тийиш, көрүнөт, чыгар, окшойт, өңдөнөт, сыяктуу, шекилдүү. Маселен: **Балким**, Кутуйан да ошо атасын тартар (Ө.Дан.). Араздашкан аталардын укум-тукуму да, **балким**, араздашып өтөр (Ч.А.). **Кыязы**, Санжардын айтканын эп көрүштү **окшойт** го (Ө.Дан.). **Чамасы** катуу кага тартып алды белем, Көкчаар астынкы эки бутун асмандата кырдана түштү... (Ө.Дан.). Эч ким анын биерде бар-жогу менен кызыкпаган **өңдүү** ж.б.

Айрым түркологиялык эмгектерде, кыргыз тилиндегиден айырмаланып, мисалы, башкыр тилинде М.В.Зайнуллин тарабынан модалдык сөздөр маанилик жактан төмөнкүдөй беш топко бөлүнгөн: 1) ырастоо жана тануу маанисиндеги модалдык сөздөр; 2) милдеттүүлүк жана зарылдык маанисиндеги модалдык сөздөр; 3) мүмкүндүк маанисиндеги модалдык сөздөр; 4) божомолдуулук, күмөндүүлүк, белгисиздик, өкүнүч жана ишенбөөчүлүк маанисиндеги модалдык сөздөр; 5) ниет, тилек маанисиндеги модалдык сөздөр.

Модалдык сөздөр функционалдык стилдердин ичинен оозеки кептин стилинде, көркөм чыгарманын стилинде, ошондой эле публицистикалык стилде жыш, активдүү колдонулат.

Адабияттар

1. Виноградов В.В. Избранные труды: Исследования по русской грамматике. –М., 1975.
2. Дмитриев Н.К. Грамматика башкирского языка. –М., -Л., 1948.
3. Джусаев Дж. Категория модальности и средства ее выражения в современном кыргызском языке. АДД. –Б., 2000, 38 с.
4. Зайнуллин М.В. Функционально-семантическая категория модальности (на материале башкирского языка). –Саратов, 1986.
5. Зейналов Ф.Р. Служебные части речи в современных тюркских языках. (На материале огузских языков). Автореф. дис. ...докт. филол. наук. –Баку, 1966, 84 с.
6. Маслов Ю.С. Введение в языкознание. Учебник. 5-ое изд. –М., 2006, с.172.
7. Молгаждаров К.К. Түрк тилдериндеги көмөкчү сөздөрдүн калыптанышы жана өнүгүшү (байыркы, орто, азыркы түрк тилдеринин материалдарынын негизинде). –Б., 2012, 251 б.
8. Петров Н.Е. Модальные слова в якутском языке. –Новосибирск, 1984, 207 с.
9. Шаршеев Н. Модальность и модальные слова в киргизском языке. АКД. –Ф., 1969, 29 с.
10. Щербак А.М. Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков. (Наречие, служебные части речи, изобразительные слова). –Л.: Наука, 1987, с. 50-122.